# Дидактика

№4 (18) ноябрь, 2022-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


# ОшМУда "Күз берекеси"



Ош мамлекеттик университетинин Аялдар кеңеши тарабынан демилгеленген "Пайдалуу аракет вектору" программасынын алкагында "Күз берекеси" аталышындагы иш чаралар өткөрүлүүдө.

ОшМУнун Студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору, доцент Жылдыз Артыкованын айтымында, аталган майрамдык программаны уюштурууга бир нече факультеттер жана колледждер жигердүү катышууда.

Сүрөттө: ОшМУнун Математика жана информациялык технологиялар факультетинин Аялдар кеңешинин төрайымы Абдималик кызы Жаркынай тарабынан уюштурулган иш чарадан көз ирмем.


## Кызматташууга чакырабыз!

### Урматтуу окурман!


Эгерде сизде окутуунун жаңы инновациялык усулдары, ата-энелер менен иштөө ыкмалары, кесиптештердин ийгилик сырлары жана башка ушул сыяктуу кызыктуу темалар боюнча макалаңыз бар болсо, биз менен байланышыңыз.

**Сиз менен кызматташууга ар дайым даярбыз.**

**Whatsapp: 0502 345 666**

**Электрондук почта: didaktika2022@gmail.com**

**"Дидактика" гезитинин редакциясы**

ОшМУнун Педагогикалык практика бөлүмүнүн башчысы Адылбек Батыралиев:

## "Биз рынок талап кылган кадрларды даярдап чыгаруубуз зарыл"



4-бетте

ОшМУнун Кесиптик орто билим берүү боюнча проректору Тажимамат Эркебаев:

## "Биздин студенттер бир-эки жыл убакыттан утат"



5-бетте

## МУГАЛИМГЕ ЗАРЫЛ САПАТТАР

6-бетте

# ИЛИМ ЖАНА МУГАЛИМДЕР КҮНҮ БЕЛГИЛЕНДИ




ОшМУнун жамааты 15-ноябрда Ош улуттук драма театрында Илим жана мугалимдер күнүн салтанаттуу белгиледи.

Окуу жайдын Кесиптик бирлиги тарабынан уюштурулган майрамдык кече "Мугалим - билим ачкычы, Профсоюз - эмгек сакчысы" деп аталып, концерттик программа менен коштолду.

Салтанатты ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков ачып, түмөн түйшүктүү кесипти аркалап, инсанды аруулукка тарбиялаган ардактуу кесип ээлерин куттуктады.

"Мугалимдердин улуу милдети келечек ээлерин тарбиялоо. Жан дүйнөгө билим үрөөнүн сээп, эртеңки муунга заманбап билим менен улуттук нарк-насилди жуурулуштуруп, бийик духу, тунук акылы, адамдык сапаты менен айырмаланган мекенчил кадрларды тарбиялайт деп терең ишенем", -деди ректор куттуктоо сөзүндө. Ошондой эле окуу жайда аткарылып жаткан иштер, алдыга койгон бийик максаттар боюнча да маалымат берди.

Майрамдык иш-чаранын алкагында университетте үзүрлүү эмгектенип жаткан профессордук-окутуучулук курамдын бир тобуна Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы", "Илимдин мыктысы" төш белгилери, Ардак грамотасы, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси, Санариптик өнүктүрүү министрлигинин, Ош шаардык мэриясынын, өкмөттүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн, ОшМУнун жана Бириккен профсоюздар уюмунун Ардак грамоталары жана окуу жайдын өзүнүн "ОшМУнун эмгек сиңирген ишмери" төш белгиси, Ардак грамотасы, акчалай сыйлыктары тапшырылып, алкыштар жарыяланды.

Салтанаттын жүрүшүндө Илим күнүнө карата 2021-2022-жылдарында жарык көргөн эмгектери үчүн өткөрүлгөн "Мыкты окуу жана илимий эмгек" конкурсунун жеңүүчүлөрүнө диплом, сертификат жана акчалай сыйлыктар тапшырылды.

Илим күнүнө карата 2021-жылдын ноябрь айынан 2022-жылдын ноябрь айына чейин кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргогон окутуучуларга дипломдор берилди. Ошондой эле "Илимий жетишкендиктер" аттуу көргөзмөнүн жыйынтыгы чыгарылып, «Мыкты инновациялык долбоор», «Мыкты ойлоп табуучулук», "Мыкты кыргыз тилинде даярдалган окуу китептеринин топтому" номинацияларынын жеңүүчүлөрү сыйланды. "Илимий жетишкендиктер" аттуу көргөзмөсүндө жеңишке жеткен студенттерге да дипломдор тапшырылды.

Салтанаттын жүрүшүндө ардактуу кесип ээлерине окуу жайдын Кесиптик бирлигинин төрагасы Абсамат Саттаровдун жетекчилигинде факультеттин, колледждердин, структуралардын профбюро төрагалары, төрайымдары ыр-күлкү тартуулашты.

Эскерте кетсек, өткөн окуу жылында ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкованын демилгеси менен факультеттердеги декандардын тарбия иштери боюнча орун басарлары тарабынан "Кел жигиттер, кел кыздар" аттуу ыр-күлкү майрамы уюштурулган болчу. Салтка айланган иш чаранын быйылкы чыгарылышын Кесиптик бирлик мыкты уюшкандыкта өткөрүп беришти.

## *Сиздин сыйлык – биздин сыймык*

Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик майрамына карата көп жылдык үзүрлүү эмгеги, билим берүү тармагына кошкон салымы, ийгиликтери, жетишкендикери үчүн ОшМУнун бир топ окутуучулары КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин жана КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин төш белги, Ардак грамоталары менен сыйланышты.

"Илимдин мыктысы" төш белгиси менен:

Математика жана информациялык технологиялар факультетинин математика жана информатиканы окутуу техникалары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти, п.и.к. Аттокурова Анаркан Джалиловна

"Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси менен:

Кыргыз филологиясы жана журналистикасы факультетинин илимий иштер боюнча декандын орун басары, филолог.и.к., доцент Нармырзаева Курманжан Жыргалбаевна;

Эл аралык мамилелер факультетинин философия жана политология кафедрасынын доценти, филос.и.к. Аматова Гулзат Урустамовна;

Математика жана информациялык технологиялар факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти, ф-м.и.к. Борбоева Гулниса Маматкановна;

Эл аралык медицина факультетинин анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын доценти, м.и.к. Кенешбаев Бекболот Капаевич;

Индустриалдык-педагогикалык колледжинин информациялык- коммуникациялык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиясынын окутуучусу Абжапарова Уру Алибаевна.

"Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси менен:

Искусство факультетинин сүрөт чийүү жана эмгек кафедрасынын доценти Тешабоев Умиджон Юрсунович.

"КРнын Маданиятына эмгек сиңирген ишмери" наамы менен:

Искусство факультетинин дизайн кафедрасынын улук окутуучусу Торогелдиева Кимия;

Искусство факультетинин элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын башчысы, доцент Мойдунов Жениш Толонович.

"КРнын Эмгек сиңирген артисти" наамы менен:

Искусство факультетинин музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасынын улук окутуучусу Атабаева Жанылбүбү Турдубековна.

Окуу жайдын жетекчилиги, жалпы эмгек жамааты окумуштуулардын илим, агартуу, маданият жолундагы сыйлыктары менен чын жүрөктөн куттуктап, мындан аркы иштерине да албан-албан ийгиликтерди каалайт.

## "Билим" лицейи жаңы имаратта





ОшМУнун "Билим" лицейи үчүн курулган окуу имаратынын ачылыш аземине КРнын Билим берүү жана илим министри Уланбек Мамбетакунов, Ош шаардык мэриясынын өкүлдөрү, ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган профессордук-окутуучулук курам, ата-энелер катышты.

"Окуу жайдын "Билим" лицейин көп угуп жүрөбүз. Билим уясынан тарбия алган окуучулардын Алтын сертификат алгандыгы педагогикалык жамааттын жогорку ишмердүүлүгүн чагылдырып турат. Университеттин алдындагы мындай лицейлер башка ЖОЖдорго да үлгү болуш керек. Билим берип жаткан мугалимдерге, балдарына көмөк көрсөтүп жаткан ата-энелерге ыраазычылык билдирем. Илим күнүндө мындай окуу имараттын ачылып жатканы жакшы жышаан. Илимдүү, билимдүү балдар тарбиялансын", - деди министр Уланбек Мамбетакунов. Ошондой эле, өзү ала келген математика боюнча олимпиадага даярдоо китептерин белекке тапшырды.

Жаңы пайдаланууга берилип жаткан окуу корпусу 3 кабаттан турат. Имаратта окуу кааналар, лабораториялар, конференц залдар, гимнастикалык залдар, китепкана бар. Бардык окуу кааналар заманбап техникалык каражаттар менен жабдылган.

ОшМУнун ички каражатынан каржыланган окуу корпусунун курулушу 2021-жылдын 15-июлунда башталган.

ОшМУнун "Билим" лицейи 2012-2013-окуу жылында ошол мезгилдеги окуу жайдын ректору, профессор Каныбек Исаковдун демилгеси менен ачылган. Учурда 5-класстан 11-класска чейинки улан-кыздар мамлекеттик тил менен биргеликте чет тилдерин, гуманитардык, табигый, так илимдер боюнча тереңдетилген билим алышат. ЖРТга даярдоодон өтүшөт.

Бүгүнкү күндө лицейде 205 окуучу билим алат. Буга чейин лицейдин 2 окуучусу Алтын сертификаттын, 11 окуучусу "Алтын тамга" артыкчылык аттестатынын ээлери болгон.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Достук фестивалында ОшМУ – баш байге ээси



“Мамлекеттик тил” мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата Ош МУ тарабынан уюштурулган II республикалык «Кыргыз ырлары чет өлкөлүк студенттердин аткаруусунда» аттуу достук фестиваль жогорку деңгээлде өттү. Ага Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К.Осмоналиев, ОшМУнун ректору К.Кожобеков, Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Г.Ибраимова, Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын аймактардагы өкүлдөрү, жогорку окуу жайлардын ректорлору, окутуучулар жана студенттер катышты.

Фестивалда өлкөбүздөгү жогорку окуу жайларында окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерден куралган 8 команда катышып, кыргыз ырларын чеберчилик менен аткарышып, улуттук бийлерин бийлешти.

Жыйынтыгында ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин студенттеринен куралган "Мурас" командасы гран-прини багындырышып, диплом, 100 000 сом акчалай сыйлык менен сыйланышты. 1-орунга 50000 сом, 2-орунга 30000 сом, 3-орунга 20 000 сом акчалай сыйлык, фестивалга катышкан калган командаларга 10000 сомдон кызыктыруучу сыйлыктар берилди.

Эскерте кетсек, фестивалды өткөрүүгө ОшМУнун өнөктөшү WCI компаниясы жакындан демөөрчүлүк көрсөттү.

Эл аралык фестивалдын өтмө кубогу ОшМУдан К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине тапшырылды.

# Евробирим элчиси ОшМУда




Евробиримдиктин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн элчиси Мэрилин Йозефсон ОшМУга келди. Анда элчи айым университеттин ректору Кудайберди Кожобеков, окутуучулар, студенттер, Европа Биримдиги тарабынан каржыланган Digikonush жана Enactus долбоорунун өкүлдөрү менен жолукту.

Ошондой эле, ал окуу жайдын базасында ушул жылы ачылган Digikonush санариптик көндүмдөр борборунда болуп, аткарылып жаткан иш-аракеттер менен таанышты. Мында айылдык жаштардын жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн санариптик технологияларды колдонуунун негизги көндүмдөрүн жана муктаждыктарын баалоо боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары презентацияланды.

Университетте жайгашкан “DigiKonush – санариптештирүү аркылуу Кыргызстандын айыл жамааттарында ачык келечекти куруу” долбоорунун алкагында ар кандай багыттар боюнча санариптик көндүмдөрдү үйрөтүүчү жайга айланган. Анда айыл тургундары санариптик көндүмдөрдүн курстарын нөлдөн баштап түзүүнү, «Түндүк», «Жарандык бюджет» мамлекеттик порталдарын, «Милдет» Telegram-botторун жана башка тиркемелерди колдонууну үйрөнүштү.

Евробиримдиктин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн элчиси Мэрилин Йозефсон университетке болгон сапарынын алкагында ОшМУнун “Ардактуу коноктор китебине” кол жазмасын калтырды.

# Америка университети менен кызматташуу бекемделет

Борбор Азиядагы Америка университетинин окутуучусу, антрополог, магистр Такахаши Юми айым баштаган делегация ОшМУда болушту. Студенттер менен коштолгон делегация окуу жайдын эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев менен жолугуп, алдыдагы кызматташтыктар боюнча пикир алышты.

Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында жакынкы аралыкта ОшМУ Борбор Азиядагы Америка университети менен биргеликте академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында студенттерди гана эмес, окутуучуларды да тажрыйба алмашууга жөнөтүү маселелерин талкуулашты. Эки окуу жайдын ортосунда биргелешкен конференциялар, симпозиумдар да уюштурулат.

# Москва менен кош дипломдуулук программасы ишке ашат

М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин өкүлдөрү менен ОшМУнун ортосунда кезектеги видеоконференция болуп өттү. Иш-чарада эки окуу жайдын ортосунда магистратура программасы боюнча «Колдонмо математика жана информатика» багытында биргелешкен билим берүү программасын түзүү жөнүндө сүйлөшүүлөр жүрдү.

Жолугушууга Москва мамлекеттик университетинин жооптуу өкүлү Петр Дергач, ОшМУ тарабынан ОшМУнун Эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Абдувалиев, Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин директору Д.Турсунов, «Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн» кафедрасынын башчысы Б.Азимов жана кафедранын доценти Т.Жолдошов катышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар биргелешкен окуу пландарын жана келишимдин долбоорун талкуулашты. Сунушталган келишимге ылайык, биринчи курста магистранттар ОшМУда, экинчи курста Москва мамлекеттик университетинде окуну ийгиликтүү аяктагандан кийин эки университеттин дипломуна ээ болушат.

# КМУ менен ОшМУ: келишим жаңыланды

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору Айгүл Абдраева ОшМУга келди. Иш сапардын алкагында окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков, эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев менен жолукту.

Жолугушууда эки окуу жайдын алдыдагы кызматташтыктары, “Ош декларациясын” жандандыруу боюнча пикир алышты. Андан сырткары буга чейинки эки тараптуу кызматташуу келишими жаңыланып, кол коюлду. Келишимге ылайык мындан ары эки университетте билим берүү, илим изилдөө, академиялык мобилдүүлүк, биргелешкен илимий диссертациялык кеңештерге катышуу, илимий конференцияларды уюштуруу, тажрыйба алмашуу багыттары ишке ашат.

Айгүл Абдраева ОшМУнун “Маркетинг, коммуникация, коомчулук менен байланыш борбору” маалымат бөлүмүндө болуп, “Үмүт” телестудиясы жана “Нур” гезити, расмий сайты жана санарип университет багытындагы аткарылып жаткан иштер менен таанышты.

# Венгриянын ЖОЖдору үчүн гранттар бөлүнөт

Кыргыз Республикасынын жарандарына Венгриянын ЖОЖдорунда бакалавриат, бир деңгээлдүү магистрдик программа, магистратура жана докторантура программалары боюнча венгр же англис тилдеринде окуу үчүн гранттар бөлүнөт.

Көңүл буруңуз!

Конкурстук сыноолорго каттоо жана катышуу акысыз негизде жүргүзүлөт. Башка агенттиктер аркылуу тапшырбаңыз жана алардын тапшыруу кызматтары үчүн акы төлөбөңүз.

Стипендиялык программага катышуу боюнча суроолорду иш күндөрү саат 15:00дөн 17:00гө чейин (+996 312) 625082, 621519, 620497 номерлери аркылуу кайрылсаңыздар болот.

Ошондой эле 2022-жылдын 1-декабрынан 2023-жылдын 13-январына чейин программага катышуу боюнча суроолорду icipd.moes@gmail.com электрондук дарегине жөнөтсөңүз болот.

# Брунел университети менен келишимге кол коюлат

Улуу Британиянын Лондон шаарындагы Брунел университетинин саламаттыкты сактоо департаментинин директору Джон Коссар жана илимий кызматкер Ел Мар Кал ОшМУда болуп, окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков менен жолугушту. Жолугушууда эки окуу жайдын ортосунда медицина тармагындагы магистратура жана PhD докторантура багыттарында биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу, академиялык мобилдүүлүк, маданий, билим берүү, илим изилдөө жаатындагы кызматташтыктарды камтыган келишим боюнча пикир алышты.

Буга чейин ОшМУнун ректору К.Кожобеков Улуу Британияга болгон иш сапарынын алкагында Брунел университетинде болгон. Анда окуу жайдын жетекчилиги менен коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина багыты боюнча магистратура жана PhD докторантура программаларын ишке ашыруу келишимдерине кол коюу маселелерин талкуулашкан.

Брунел университети Батыш Лондондогу эл аралык университет болуп саналат. Университеттин магистратура программасында 120 өлкөдөн келген 1700дөн ашуун студенттер билим алышат.

**ОшМУнун маалымат кызматы**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити
2022-жыл, ноябрь


**ОшМУнун Педагогикалык практика бөлүмүнүн башчысы Адылбек Батыралиев:**

# "Биз рынок талап кылган кадрларды даярдап чыгаруубуз зарыл"



Педагогикалык практика бөлүмүнүн башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Адылбек Батыралиев бөлүмдөгү аткарылган иштер, сунуштар боюнча ой бөлүштү:

## Педагогикалык практика бөлүмү - болочок мугалимдердин кесиптик даярдыгын арттырат

Университетте практика бөлүмү экиге бөлүнгөн: педагогикалык эмес адистиктер үчүн жана педагогикалык адистер деп. ОшМУнун педагогикалык практика бөлүмү педагогикалык багытта билим алган адистиктердеги студенттер менен иш алып барат. Биз студенттердин практикаларын уюштурууну колго алганбыз. Башкача айтканда, мектептер менен келишим түзүп, ошол жерде студенттердин толук кандуу практикадан өтүүсү үчүн кам көрөбүз. Болочок мугалимдердин кесиптик даярдыгын күчөтүү, практикалык шык жөндөмүн арттырууну максат кылганбыз.

Студенттер алгач адаптациялык практикага 2 жумага чыгышат. Мында алар окуучулар менен иштешүүнү, мектептердеги документтик иш кагаздарын даярдоо, жүргүзүү процесстерин үйрөнүшөт. Ошондой эле класс жетекчиге жардам берип, тарбиялык сааттарды өтүшөт. Ал эми андан кийин 3-курста кесиптик базалык практикага 6 жумага чыгышат. Сабак өтүшөт, окуучулар менен иштешет, толук кандуу мугалимдик көндүмдөрдү үйрөнүп келишет. 4-курста кесиптик профилдик деп аталып, 11 жума аралыгында практика өтөшөт. Андан сырткары талаа, археологиялык, этнографиялык, пленардык, фольклордук практикалары бар.

## Студенттер шаардагы мектептерде кезеги менен практикадан өтүшөт

Учурда практикага чыгуу графиктерин өзгөрткөнбүз. Анткени буга чейин бир учурда баары практикага чыгып, мектептерге студенттер толуп калган учур көп болду. Маселен былтыркы окуу жылында бир учурда колледжден да, бакалаврдан да практикага чыгып, мектептерге батпай калган жагдайга туш келдик. Ошондо структуралардагы практикага жооптуулар менен кеңешип, графиктерди кайрадан түзүп чыктык. Бүгүнкү күндө түзүлгөн графиктердин негизинде шаардагы мектептерде кезеги менен адистиктер практика өтөөдө.

## Студенттердин практика өтөп жаткандыгы тыкыр текшерилет

Албетте, студенттердин практикага чыгарып коюп эле тим болбостон, алар кантип өтөп жатышат, ага сөзсүз көзөмөл жүргүзөбүз. Анткени бул биздин бир функциябызга кирет. Мектептерге барып, алардын өткөн сабактарына катышабыз, баа беребиз. Мектептердин жетекчилиги менен жолугуп, эгер студенттердин көйгөйлөрү болсо, чечүүгө көмөктөшөбүз. Биз менен жакшы иштешкен мектептерге стимул иретинде университеттин эсебинен акчалай сыйлыктарды да берип турабыз. Бизден сырткары ар бир факультет, колледждердин практика боюнча жооптуулары бар, алар да барып тыкыр көзөмөлдөп турушат. Учурда Индустриалдык-педагогикалык колледжи мектептердеги мугалимдерди 0,25 ставка менен жумушка алып, иш алып барып жатышат. Бул да болсо студенттердин толук кандуу практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнө жол ачууда.

Жумуш дайым эле бир ыргакта кетпейт, айтайын дегеним айрым учурларда студенттер практикага барбай калган учурлар да бар. Мында атайын комиссия студенттин эмне үчүн практика өтөбөгөндүгүн изилдеп чыгып, анан анын кайрадан практика өтөөсүнө уруксат берет.

## Практиканын жыйынтыгы катары конференциялар уюштурулат

Биз иш берүүчүлөрдүн сунуш-пикирин жетекчиликке жеткиргенге аракет кылабыз. Практикаларды жыйынтыктап келишкенден кийин окуу жайда жыйынтыктоочу конференциялар уюштурулат. Презентация болот, сунуштар, суроолор айтылат.

Мектепке барганда сабакка катышабыз,



сурайбыз, жетекчилер менен сүйлөшөбүз, кемчилдиктер, сунуштарды угабыз. Биздин практиканттарда эмне кемчилдик болуп жатса, аларды биз окуу жайда жыйындарда айтып, окуу планында өзгөртүүлөрдү киргизебиз. Мисалы, каллиграфия предметин киргиздик. "Математикадан, физикадан практикум сабактарды көбүрөөк киргизиле"- деп сунуштарды айтышты, аны киргиздик. Иш берүүчүлөр кандай сын пикир, сунуштарды айтса аларды карап чыгып ишке ашырып жатабыз.

## Азыр продуктту рынок тандайт, биз ошого ылайык кадрларды даярдап чыгаруубуз зарыл

Мектеп жетекчилиги азыркы техникалык каражаттарды колдонуу боюнча көп сунуштарын билдиришти. Алардын пикири боюнча билим берүүдө колдонулуучу заманбап акыркы техникалар боюнча билимдер көбүрөк берилсе дешет. Интерактивдүү доскалар, проектрлерди колдонууну ар бир практикант билсе деген талаптарды коюшту. Окуу жайда информатика предмети 1-курста окутулгандыктан, бул жагдайды да сунушка киргизип жатабыз.



Жетекчилер дагы студенттердин практика өтөөсүнө кызыкдар болсо деп айтат элем. Көп мугалимдерибиз бар, практикалык жактан сабактарды өтүп беришет. Айрымдары теориялык жактан билимди аябай жакшы бергени менен практикадан мектепке керек сабактарды өтүшпөйт. Практикалык сааттарды алган усулчу мугалимдер өзү мектепке барып, көрсөтмөлүү сабак өтүп берсин деген сунушту киргизип жатабыз.

Ошол эле учурда практиканы мугалимдер гана эмес, жетекчилер барып катышып, көрүшсө жакшы болмок. Факультеттин, колледждердин жетекчилери мектептерге барып өзүнүн чыгарып жаткан продуктусун өзү көрүшү керек деп эсептейм. Физика-техника факультетинин мурунку деканы Маралбек Өскөнбаев аябай көп барчу. Мектеп али ачыла электе барып алып, ар бири менен өзү байланышып маалымат алчу. Азыр ИПКнын директору Олжобай Шаимкулов барып жүргөнүн көрүп жатабыз. Башка жетекчилерде да ушул нерсе болсо жакшы болмок.

Учурда педагогикалык практика бөлүмү Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жана Ош шаарынын билим берүү башкармалыктарынын жетекчилери жана 105 мектеби менен педагогикалык кызматташтык боюнча келишимдер түзүлүп, болочок мугалимдерди даярдоо проблемаларынын үстүнөн иштер жүргүзүлүүдө.

**Маектешкендер:**
**Зинагүл Нуралиева,**
**Мээрим Осмонали кызы**







Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

**Ош мамлекеттик университетинин Кесиптик орто билим берүү боюнча проректору Эркебаев Тажимамат:**

# "Биздин студенттер бир-эки жыл убакыттан утат"



***- Тажимамат агай, сөзүбүздү жакында окуу жайга берилген өзгөчө макам тууралуу баштасак, бул статуска ээ болуу менен ОшМУда эмне өзгөрдү?***

- Өзүңөргө белгилүү, өлкөбүздө беш университеттин ичинде ОшМУга да өзгөчө статус берилди. Университет биринчиден академиялык өз алдынчалуулукка ээ болду. Адистерди даярдоодо министрликтен даярдалып берилген окуу пландары, предметтер боюнча типтүү программалары таңууланбай калды. Окуу жай адис даярдоодо кайсы предметти канча көлөмдө окутат, өз алдынча чечет. Аны университеттин Окуу усулдук бирикмеси аныктайт. Экинчиден, финансылык өз алдынчалуулукка ээ болду. Мурда ар бир статьядан канча сарптоо керектиги өкмөт тарабынан ченелип коюлган болсо, азыр бул дагы университеттин өзүнө берилди. Үчүнчүдөн административдик эркиндик. Бул эркиндиктер каалагандай калчай берсе болот дегендик эмес. Ар бир маселе атайын адистердин анализинин негизинде административдик жана Окумуштуулар кеңешинде талкууланып кабыл алынат. Мамлекет бизге эркиндиктерди берүү менен бирге чоң милдет - жоопкерчиликтерди жүктөдү. Атап айтканда, ОшМУну дүйнөлүк рейтингге чыгаруу биздин эң башкы максатыбыз жана милдетибиз болуп калды.

***- Сиз тейлеген тармакта кандай жаңылыктар болуп атат?***

- Кесиптик орто билим берүү тармагы ачыгын айтыш керек, ушул кезге чейин экинчи маселе катары каралып келген. Себеби, жогорку билимдүү адистерди даярдай турган окуу жай болгондуктан, колледждер факультеттердин курамында болуп, магистратура менен бакалаврга көбүрөөк көңүл бурулуп, ал эми орто билим берүү экинчи орунда калып турган. 2021-жылдан баштап орто кесиптик билим берүүнү толугу менен факультеттердин курамынан чыгарып, 6 өз алдынча колледж түзүлдү. Бүгүнкү күндө колледждерибизде он эки миңден ашык студенттер билим алып атышат.

***- Мектепке караганда колледжде билим алуунун кандай артыкчылыктары бар?***

- Бир топ артыкчылыгы бар. Бир четинен студент орто кесипке ээ болот, экинчиден өз алдынчалуулукка эртерээк калыптанат. Студент университетке келгенден баштап өз алдынча жашоону, чечим чыгарууну үйрөнөт. Мисалы, 11-классты бутүрүп келген окуучу менен биздин колледжди бүтүрүп келген студенттин жогорку окуу жайдагы окуусунда кескин айырмачылык байкалат. Себеби, колледжди бүтүрүп баргандар ошол адистик боюнча кеңири билимге, квалификацияга ээ болуп барышат. Бул артыкчылыкты ата-энелер, окуучулар да түшүнүп калышты, анткени күндөн күнгө колледжге тапшыргандардын саны көбөйүп баратат. Мисалы, үч жыл мурда төрт миңдей студент болсо, азыркы учурда 12 миңден ашты.

***- Колледжди аяктагандан кийин өз кесиби боюнча иштеп кетсе болобу, же сөзсүз бакалаврда, магистратурада окушу керекпи?***

- Бул албетте студенттин өз тандоосуна жараша болот. Кээ бир тармакта сөзсүз жогорку билимдүү болуу талабы бар. Ал жерде иштеш үчүн сөзсүз ЖОЖдо окууну улантышы керек болот. Бирок, ар бир мекеме - ишканада кесиптик орто билимдин диплому менен да иштеп кете турган кызматтар бир топ. Биздин бүтүрүүчүлөрдүн кырк пайызга жакыны жумуш менен камсыз болушат.

***- Көбүнчө кайсы тармактарга барып иштеп жатышат?***

- Бир кызыктуу жагдайды айта кетейин, биздин бүтүрүүчүлөргө көбүн эсе жеке менчик ишканалар кызыгып атышат. Мисалы, банктар өздөрү бизге келип студенттерибизди практикага чакырып, андан кийин мыктыларын жумушка алып калып атышат. Ал эми мамлекеттик ишканаларда мындай тенденция бир аз солгун жүргөндүгү байкалууда. Демек, жеке менчик ишканалар мамлекеттик мекемелерге караганда өзүнүн ишин алдыга жылдырууга көбүрөөк кызыкдар деп жыйынтык чыгарсак болот.

***- Мамлекеттик ишканалардын кайсы тармактарына бүтүрүүчүлөр көбүрөөк барып иштеп атышат?***

- Өлкө боюнча саниripке өтүү саясаты жүрүп атпайбы. Андыктан, айрыкча айыл өкмөттөр биздин бүтүрүүчүлөрдү талашып алып кетип атышат. Компьютердик программаларды түзүү, маалымат базасын чогултуу, айтор, бул багытта иштей билген адистерге мамлекеттик органдар да аябай муктаж болуп атышат.

***- Колледждерде канча адистик боюнча кадрлдарды даярдап атасыздар?***

- Бизде 36 багыттагы адистер даярдалат. Булардын баары мезгил талап кылган адистиктер. Азыр элибиз деле түшүнүп калды, пайдасы жок адистиктерге тапшырбайт. Көбүнчө мектепке чейинки билим берүүчү,башталгыч класстардын мугалимдери, котормочу жана башталгыч класстарда англис тилин үйрөтүүчү адистиктерге талап күч болууда. Экинчи орунда медициналык колледжге кызыккандар көп.

***- Алты колледжибиз бар дедиңиз, буларда кандай жаңылыктар болуп атат?***

- Ар бир колледж мезгил талабына ылайык иш алып баруунун үстүндө талыкпай иштеп атышат. Индустриялык-педагогикалык колледжи Азия өнүктүрүү банкы тарабынан жарыяланган сынакка катышып, бир миллион долларлык грант утуп алды. Жакында ачылышын кылып ишти баштадык. Андан кийин медициналык колледжде да долбоорлор менен иштөө кызуу жүрүүдө. Өлкө боюнча 4 медициналык колледжде физикалык терапия деген адистик ачылып, даярдала баштады. Быйыл жаңы окуу жылынан тарта 9-класстык базасында ушул адистикке абитуриенттер кабыл алынып, Европалык окуу пландарынын негизинде окутула баштады. Бүтүрүүчүлөрүбүз Европада эмгектенүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Булар медициналык кызмат көрсөтүү менен бирге социалдык иштерди да жүргүзө алышат. Ошондой эле Оштогу жана Өзгөндөгү медициналык колледждерде евростандартта окутула турган эксперименталдык тайпалар ачылды. Кыргызстанда 27 мед.колледж бар. Булардын башын бириктирген ассоцаацияга биздин Өзгөн мед.колледждин директору Өзгөнбай Тилебаевич төрагалык кылат. Бул албетте алдыңкы тажрыйбаларга. эл аралык долбоорлорго катышууга зор мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле Финансы-юридикалык колледжибиз да экономикалык адистерди даярдоо боюнча Түштүк Кыргызстандагы бардык окуу жайлардын башын бириктерген ассоцаациянын мүчөсү болуп саналат. Бул уюмду да биздин Финансы-юридикалык колледждин директору Исаков Нургазы Жолболдуевич жетектейт. Эл аралык билим берүү программалар колледжи да Улуу Британияда билим берүү мекемелерин башын бириктирген уюм менен тыгыз иштешип атат. Башкача айтканда, бизде Англиянын программасын эксперимент катары киргизип атышат. Жакында эки окутуучу Улуу Британияга барып, тажрыйба алмашып келишти.

***- Студенттерге сапаттуу билим берүү үчүн шарттар жетиштүү деңээлде түзүлгөнбү?***

- Албетте биринчи кезекте мына ушул багытта иштеп атабыз. Биздин тармак жаңы ачылган үчүн айрым маселелер да жок эмес. Мисалы, СТЭМ инновациялык колледжине өзүнчө окуу корпусу керек болуп атат, бул боюнча курулуш иштери жакында башталганы турат.

***- 12-кесиптик лицей жакында ОшМУга өттү эле, бул окуу жайда кандай жаңылыктар болуп атат?***

- Бул жерде да өтө чоң иштер болуп атат. Буюрса, ал жерде стартап борбору түзүлүүдө. СТЭМ колледжине ошол жерге имарат куруп көчүрүп баруу иштери башталды. Университеттин интернет серверин да ошол жерге жайгаштырып, маалымат технологиясы боюнча алдыңкы борборго айлантуу иштери жүрүп атат.

***- Окутуучулардын илимий-педагогикалык даражасы, деңгээли кандай абалда?***

- Биздин колледждер Ош мамлекеттик университетинин базасында болгон үчүн эң мыкты деңгээлдеги илимий потенциалга ээ деп айтууга толук мүмкүнчүлүк бар. Орто эсеп менен алганда окутуучулук курамдын 10 пайызы илимий даражасы барлар. Колледждер үчүн илимий даражалуу окутуучулардын болушу шарт эмес. Ага карабай биздеги окутуучулар илимий иштер менен да кызуу алектенишет. Бул өз кезегинде студенттер арасында шыктанууну пайда кылат.

***- Сөзүбүздүн аягында абитуриент-терге, ата-энелерге кайрылууга мүмкүнчүлүк берели, эмне үчүн колледжде, болгондо да ОшМУнун колледжинде билим алган пайдалуу?***

- Сөзүмдүн башында да айттым элем, элибиз көп жагынан кыраакы болуп калды. Мезгил талап кылган адистиктерди тандоо, убакытты туура пайдалануу жагынан көпчүлүк жаштарыбыздын көзү ачылып калды. Ошон үчүн да биздин колледждерибизди тандагандардын саны улам көбөйүп жатат. Мисалы бизге тогузунчу классты бүтүрүп келсе, 10-11-класстын программасын биз бир жылда окутабыз. Экинчи жылда адистик боюнча билим алышат. Жогорку билим алат элем деген студенттер колледжди бүткөндөн кийин тандап алган адистиги боюнча жогорку окуу жайга автоматтык түрдө экинчи курстан окуусун уланта алышат. Эгерде сырттан окугусу келсе үчүнчү курстан отурат. Ошондо биздин колледждин бүтүрүүчүлөрү өзү теңдүүлөрдөн бир-эки жыл эрте аяктап, убакыттан утат.

***- Жакшы турбайбы? Сиздердин бүтүрүүчүлөр ЖРТ тапшырбай эле бакалаврга кабыл алына береби?***

- Эгерде өз адистиги боюнча факультетти тандаган болсо ЖРТ тапшырбайт, ал эми башка адистикти тандаган болсо, анда тапшырат. Ошондуктан колледжге кирген мезгилде адистикти туура тандоо керек, ошол менен бакалавр, магистратураны улантып кете берсе болот.

***- Жакшы мүмкүнчүлүктөр көп турбайбы. Бизге убакыт бөлгөнүңүз үчүн сизге рахмат айтабыз. Ийгиликтер арта берсин деп тилек кылалы.***

- Силерге да рахмат.

**Маектешкен:**
**Тургунбай Алдакулов,**
**редактор**



*"Мугалим болууга жөндөмдүү адам бир мамлекетти башкарууга да күчү жетет"*

**Миллрам Гареес**

# МУГАЛИМГЕ ЗАРЫЛ САПАТТАР

Мугалимдин мыкты деңгээлдеги профессионалдык даярдыгы билим берүү процессинде өнүгүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Себеби, мугалим билим берүү механизминин борборунда турган мотор. Мугалимдин эң мыкты деңгээлде өнүгүп өсүшү билим берүүнүн сапатын жогорулатат. Ал эми сапаттуу билим берүү мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошот. Чындыгында, мугалимдер жалгыз гана окуучуларга билим, тарбия бербестен, жалпы эле мамлекетке же улутка таасир этет. Ошондуктан мугалимдин мыкты болушу, жакынкы келечекте улуттун да жакшырына өбөлгө түзөрү анык.

Сапаттуу билим өзүн ар тараптуу өнүктүргөн кесипкөй мугалимдин аракети менен гана ишке ашат. Мугалимдин мыкты сапаттарын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн педагогдордун жана окуучулардын пикирин билүүбүз абзел. Биз төмөндө педагогдордун изилдөөлөрүнүн негизинде аныкталган жалпы тыянактарга токтолобуз. Адистердин баамында, мугалимдин мыкты өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана билим берүү системасынын кээ бир катачылыктарын оңдоо үчүн Чыгыштын да, Батыштын да педагогдорунун пикирин колго алуу туура болот.

### Чыгыштын педагогдорунун пикиринде идеалдуу мугалим:

- Эмгекчил;
- Адилеттүү;
- Жумушуна жана жоопкерчилигине чын көңүлдөн байланган;
- Мугалимдин максаты атак-даңк дүйнөлүк аброй көрүү эмес;
- Маалыматты, билимди туура бере алган;
- Окуучуларга келечекте алар пайдалана турган маалыматтарды жана илимди берүү дареметине эгедер;
- Маданияттуу;
- Адеп-ахлак менен мартабалуулук жактан өрнөк алына турган адам;
- Окуучуларга зулумдук кылбайт;
- Мээримдүүлүктүн жана кайрымдуулуктун ээси;
- Тажрыйбалуу;
- Жаман ойдон жана өрт ниеттерден тазаланган;
- Ишендирүүчүлүк шыгына жана бир маселе боюнча башкаларды көндүрүү күчүнө эгедер;
- Динди бекем карманган;
- Психология илими боюнча да маалыматтарга ээ;
- Окуучуларын өз баласындай көргөн
- Ар бир окуучуга өз-өзүнчө жараша мамиле кылган;
- Материалдык эч бир пайда күтпөгөн;
- Жалгыз максаты Аллахтын ыраазычылыгына жетүү болгон;
- Окуучуларга кеңеш берүүдөн тартынбайт жана тажабайт;
- Акарат кылуу жолу менен эмес, ар түрдүү белги, көндүрүүсү мээрими жана сүйүүгө толгон мамиле аркылуу окуучулардын жаман адаттарынан арылткан адам;
- Окутууда оңойдон кыйынга, билгенден билбегенге, жакындан узакка карай жол алат;
- Үйрөткөн илимден башка илимдерди жамандабайт, тескерисинче ар түрдүү илимге үндөйт;
- Окуучунун кабыл алуу даражасына жараша түшүндүрөт;
- Үйрөткөндөрүнүн баарын башта өзү жасап көрүп, анан үйрөтөт;
- Окуучуларга ээндүүлүгүнө жараша темаларды түшүндүрөт;
- Сабырдуу, окуучулардын ар түрдүү жаңылыштыктарына жана каталарына чыдамдуу;
- Жумшак мүнөзгө эгедер;
- Катасын көргөн учурда аны мойнуна ала билген;
- Пайдасыз жана маанисиз нерселер менен алектенбеген;
- Сабак учурунда эч качан ачууланбаган;
- Окуучулардын билимин жана өнүгүүсүнө байкоо жүргүзгөн;
- Сабагына мыкты даярдык менен кирген;
- Окуучуларга кеңеш берген нерселерин өз жашоосунда да колдонгон;
- Окуучуларды жакшы тааныган;
- Суроо сураган окуучуну урушпай, тескерисинче ага жана анын берген суроосуна көңүл бурган;
- Окуучулардын баардыгына өзгөчө маани берген.

### Батыштын педагогдорунун пикириндеги идеалдуу мугалим:

- Кыймыл- аракети, мамилеси жана сөздөрү чын жүрөктөн чыгат;
- Дайыма күчтүү, динамикалуу;
- Көпчүлүк учурда жаш жана орто жаштарда болуусу;
- Окутуу жана тарбиялоодо талкуулоо ыкмасы окуучуларда кызыгуусун эч качан жоготпойт;
- Назик жана мээримдүү;
- Жумушуна жоопкерчилик менен чын көңүлдөн берилгендиги;
- Суук сөздөрдөн жана баш аламан сөздөрдөн алыс болуусу;
- Сабактарынын окуучунун жөндөмдүүлүгүнө жараша ыңгайлаштыруу тажрыйбасына ээ болгондугу;
- Окуучулардын баарына өз баласындай мамиле кылуусу;
- Билими жана аброю окуучуларга пайдалуу боло тургандай даражада;
- Сабак өтүүдөгү методдор жөнүндө толук кандуу маалыматка ээ;
- Мамилесинде олуттуулук жана оор басырыктуулук бар;
- Окуучу менен дос боло ала тургандай түшүнүктүү;
- Окуучулар менен болгон ар түрдүү көңүл ачуу программаларында бирге болуу менен аларды сүйүү жана ишеничине ээ болгон адам;
- Менменсинүүдөн жана куру намыстан алыс;
- Анын жан дүйнөсүнө шашмалык өтө эле жат көрүнүш;
- Ар бир окуучунун инсандык сапатын жана өзгөчөлүгүн эске алып мамиле жасайт;
- Логикалык ой жүгүртүүсү жана анализдөөсү күчтүү;
- Ар түркүн идеяларга ачык.

### Окуучулардын пикири боюнча мыкты мугалим:

Мыкты мугалимдин сапаттарын табууда окуучунун табити эң маанилүү фактор болуп саналат. Анын каалоолору көз жаздымга калганда окутуу жана тарбия берүү жумушу пайдалуу жана натыйжалуу болбойт. Дал ушул пикирге таянып, башталгыч мектептин 2-классында окуган 520 окуучудан, жактырган мугалимдердин сапаттарын жана өзгөчөлүктөрүн жазууну суранышкан. Сурамжылоонун жыйынтыгы бир тараптуу гана болуп калбаш үчүн P.A. Witty нин 3300 окуучу менен жүргүзгөнгөн изилдөөсүн да колго алып, бул эки иликтөөнүн негизинде төмөнкү тыянактарды чыгардык. Окуучуларды түшүнүү жана аларга эффективдүү билим-тарбия берүү үчүн окуучулардын көз карашы жана кеңештери сөзсүз эске алынышы керек.

Окуучулардын оюу боюнча мыкты мугалим:

- Жылмайган;
- Өзүнө ишенген;
- Өзүн окуучуларга сүйдүрүү жолун тапкан;
- Ак көңүл жана толеранттуу;
- Кең пейил;
- Тамашакөй жана жылдыздуу;
- Кээде өзүн да окуучулардын ордуна коё билген;
- Окуучулар менен өзгөчө мамиле кура билген;
- Кээ бир нерселерден окуучулар үчүн баш тарта билген;
- Ишеничтүү;
- Айткан сөзүнөн кайтпаган;
- Ар кандай иш чараларга катышкан;
- Окуучуну ийгиликке жеткирүүнү максат кылган;
- Сабак арасындагы эс алууну бирге өткөргөн;
- Окуучунун жан дүйнөсүн түшүнө алган;
- Окуучулардын дартына ортоктош боло алган,аларды угууга дайым даяр болгон;
- Кесибин сүйгөн жана өз мезгилинде ийгиликти багынткан;
- Кол жазманын айынан бааны төмөндөтпөгөн;
- Сабакка өз убагында кирип,өз убагында чыккан;
- Окуучуларга сыйлык берүүнү билген;
- Тажата тургандай тапшырма бербеген;
- Окуучулардын пикирлерин да эске алып сабак өткөн;
- Класстан же сабактан эч качан чыгарбаган;
- Окуучуну сабактагы алган баасына карап мамиле кылбаган;




- Окуучунун бардык суроосуна жооп берген;
- Окуучунун жөндүү каалоолорун ишке ашырган;
- Окуучуларга жылуу мамиле кылуу аларга эч качан кыйкырбаган;
- Анализдебей эле күнөөлөгө жана болуп болбогон нерсеге ачууланбаган;
- Окуучуларга эч качан кол көтөрбөгөн;
- Өзгөчө досторунун арасында окуучуну уялтпаган,эч качан акаарат кылбаган;
- Окуучуларга айткан теманын өлчөмүн билген;
- Өтө эле чектен ашканчалык дисциплиналуу болбогон;
- Сабырдуу жана олуттуу;
- Адилеттүү, бардык учурда окуучуларга бирдей мамиле кылуу абзел;
- Көрүнүшүнө маани берген, жакшынакай жана жарашыктуу кийине алган;
- Класстан класска сөз ташыбаган;
- Башка мугалимди ушактабаган;
- Окуучуларды баа менен коркутпаган;
- Окуучуну ата энесине жамандабаган;
- Сабак менен жашоонун ортосунда мамиле кура билген;
- Сабакты жашоодо пайдалана турган абалда түшүндүрө билген;
- Окуучуларга дайыма жардам берген жана демократиялык негизде мамиледе түзө алган;
- Ак көңүл,ар бир адамга өзгөчө көңүл бурган;
- Сабырдуу;
- Ар түрдүү багытка кызыккан;
- Көрүнүшү жакшынакай,мамилеси да жылуу;
- Чынчыл;
- Тамашакөй;
- Окуучунун проблемалары менен алек болгон;
- Окуяларга болгон көз карашы түз,толеранттуу жана жумшак мүнөз;
- Окуучулардын ийгиликтерине сыймыктануусу жана ылайык болгон жерде мактай билүүсү керек.

Жогоруда айтылган оң сапаттар мугалим менен окуучунун ортосундагы ар кандай проблеммалардын алдын алат. Ошентип, эгерде мугалим окуучунун көз карашы менен эсептеше турган болсо, өзүнүн педагогикалык аракети менен пайдалуу жана натыйжалуу атмосфераны түзүп алат.

Европадагы окуучулардын пикирин изилдеген P.A.Witty аттуу педагогдун тыянактары жогорудагы сурамжылоодо айтылган окуучулардын көз карашы менен көп жагынан окшош, бирок айрым өзгөчөлүктөрү да жок эмес.

- Окуучуларга дайыма жардам берет;
- Ак көңүл жана ар бир кишиге жардам берип, көңүл бурат;
- Сабырдуу;
- Ар тараптуу өнүккөн, ар түрдүү маалыматтарга бай;
- Адам катары жагымдуу жана жылуу мамиле жасаган;
- Чынчыл;
- Тамашакөй;
- Окуучулардын көйгөйлөрү менен алек болгон;
- Окуяларга болгон көз карашы түз,толеранттуу жана жумшак мүнөз;
- Окуучулардын ийгиликтерине сыймыктанган жана ылайык болгон жерде мактай билген.

*"Мугалимдерге кеңеш" китебинен алынды*

**Редактору Т.Алдакулов**

# "Энелер мектебинин" негиздөөчүсү Ошто

ОшМУнун Педагогика кафедрасынын демилгеси менен КРнын Эмгек сиңирген мугалими, Лейлектеги №3 эксперименталдык гимназиянын негиздөөчүсү, Энелер мектебинин автору Мадаминов Гапыр агайдын семинар-жолугушуулары уюштурулду.

ОшМУнун Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде "Акыл эмгек маданияты" окуу-методикалык семинары өтсө, Карл Маркс атындагы мектеп-гимназиясында мугалимдер жана ата-энелер менен жолугушуу уюштурулду.

Педагогика кафедрасынын башчысы, доцент Гульмира Жутанова семинар учурдун суроо-талабына айланган актуалдуу темалардын тегерегинде уюшулганын баса белгиледи:

“Окутуучуларга билим-тарбиядагы жаңы усулдар, адамдык баалуулуктар, баланын билим алуусундагы ата-эненин жана мугалимдердин ролу боюнча кызыктуу маалыматтарды бөлүшүү максатында уюштурдук. Гапыр Мадаминов агай мындан 25 жыл мурун өлкөнүн түпкүрүндө, Баткендин Лейлек районундагы Тажикстан




менен чектешкен айылында өз демилгеси менен эксперименталдык мектебин ачкан. Агайдын автордук сабактарын, уникалдуу усулдарын коомчулукка жайылтуу менен билим берүү тармагындагы бир топ маселелерди чечсе болот”, -деди Г.Жутанова.

Жолугушуу семинарларына студенттер, магистранттар, аспиранттар, мугалимдер жана ата-энелер катышып, кызыккан суроолоруна жоопторду алуу менен пайдалуу маалыматтарга ээ болушту.

# Белгилүү педагог Бекембай Апышев эскерилди

Белгилүү окумуштуу, залкар илимпоз Бекембай Апышевдин 90 жылдыгына карата Педагогика жана психология факультетинде илимий-практикалык конференция болуп өттү.

Конференцияга ОшМУнун илимий иштери боюнча проректору Руслан Арапбаев, Лейлектеги №3-эксперименталдык гимназиянын директору Гапыр Мадаминов, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинен өкүлдөр, Педагогика кафедрасынын окутуучулары катышты.

Конференцияны уюштурган Педагогика кафедрасынын башчысы Гулмира Жутанова Б.Апышевдин кыргыз педагогикасында опол тоодой орду бар экенине токтолду: “Бекембай Апышев - педагогика боюнча ЖОЖдор жана мектеп мугалимдери үчүн окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду кыргыз тилинде биринчи болуп жарыкка чыгарган окумуштуу. Анын эмгеги кыргыз билим берүүсүнүн тарыхында эч качан унутулбайт,-деди Г.Жутанова.

Илимий-практикалык конференцияда Б.Апышевдин бейнесине арналган, анын педагогикалык ишмердүүлүгү, эмгектери боюнча докладдар окулду.

Бекембай Апышев 1974-жылы Москвадагы СССР педагогика илимдер академиясында кыргыз агартуучуларынан биринчи болуп элдик педагогиканын материалдарынын негизинде кандидаттык диссертациясын коргогон алгачкы окумуштуу.

# Студенттик "Нур" гезити 30 жашта



ОшМУнун студенттик “Нур” гезитинин 30 жылдык маарекесине карата атайын иш-чара уюштурулду. Анда гезиттин буга чейинки редакторлору чакырылып, сый көрсөтүлдү. Ошондой эле, шаардагы ОшМУ менен тыгыз кызматташкан ММКларга университеттин Ыраазычылык баракчалары тапшырылды.

Окуу жайдын Кесиптик бирлик комитетинин демөөрчүлүгү менен студенттик “Нур” гезитинин 30 жылдык маарекесине карата студенттер арасында ОшМУну даңктаган макалалар сынагы жана “Кыялкеч студент” аттуу ыр, эссе сынактары жарыяланган.

Ошондой эле, гезиттин 30 жылдык тарыхын камтыган 12 беттен турган атайын маарекелик саны жарыкка чыкты.

Студенттик “Нур” гезити 1992-жылы негизделип, 2001-жылы 27-сентябрда Ош облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөн. “Нур” студенттердин коомдук-маданий гезити болуп саналып, 8 бет, 3550 тиражда түстүү чыгарылып, студенттерге акысыз таратылат.

Студенттик гезиттин негизги максаты - университеттеги жаңылыктар, маданий иш-чаралар, студенттерге керектүү маалыматтар, калемгер студенттердин чыгармалары, окутуучулардын юбилейлери жөнүндө макалалар тынымсыз жарыяланып келет.

Учурда “Нур” гезити журналистикага кызыккан зирек, калеми курч студенттердин журналистикага болгон башаты болуп бере алат жана чыгармачылыгын өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Чыгармачыл, талантуу, аракетчил жана ийгиликтүү студенттер жөнүндө “Иштерман студент”, “Ийгиликтүү студент”, Таланттуу студент” сыяктуу атайын рубрикалар орун алган.

# Туризм боюнча окуу пландары талкууланды

“ОшМУнун туризм боюнча билим берүү окуу пландарына энергияны жана ресурстук натыйжалуу-лукту интеграциялоо жана илгерилетүү” аталышында тегерек стол өтүп, ага ОшМУнун ректору К.Кожобеков, Туризм академиясынын эксперттери жана Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин окутуучулары жана студенттери катышты.

Анда ПЭРЭТО долбоорунун жана Туризм академиясынын эксперттери, кызматташтыктын багыттары жана көз карашы, окуу программаларын жаңылоо, меймандостук жана туризм тармагындагы долбоорлорду ишке ашыруу боюнча презентацияларды жасашты.

Европа Биримдиги каржылаган ПЭРЭТО долбооруна Кыргызстандагы эки жогорку окуу жай: Туризм академиясы жана ОшМУ пилоттук негизде кирген. Долбоор ийгиликтүү ишке ашса, башка туризм адистиктерин даярдаган ЖОЖдорго киргизилет.

# “Үмүт” телестудиясы жаңыланды

ОшМУнун “Үмүт” телестудиясы жаңыланып,заманбап техникалык жабдыктар менен толукталды. Жаңы студиянын ачылуу аземине ректор Кудайберди Кожобеков баштаган жетекчилер, Ош шаарындагы ММКнын өкүлдөрү, журналистер катышты

«Үмүт» телестудиясы 1998-жылы ОшМУнун ошол кездеги ректору Бектемир Мурзубраимов жана тарбия иштери боюнча проректору Каныбек Исаков тарабынан 12-октябрда ачылган.

Университеттин базасында студенттик телестудияны ачуунун негизги максаты - таланттуу жаштарды колдоо, маданият, искусство, илим-билим жаатындагы маалыматтар менен теле көрүүчүлөрдү камсыз кылуу, ошондой эле жаштар үчүн пайдалуу кеңештерге бай, тарбиялык маанидеги жана оюн-зооктук программаларды даярдоо, видео архивдик материалдарды сактоо болгон.



Учурда телестудия тарабынан университеттин жаңылыктары, маалыматтары чагылдырылып, таанып-билүүчүлүк программалар, автордук көрсөтүүлөр даярдалып келет. Ошондой эле журналистика тармагына кызыккан жаштарга практикалык жактан ар тараптуу өзүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

# ОшМУнун окумуштуусу эл аралык конгрессте баяндама жасады

ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин Чыгыш таануу кафедрасынын доценти Жолдошбек Бөтөнөев Түркия билим берүү кызматкерлеринин профсоюзу жана Евразия билим берүү профсоюздарынын эл аралык уюму тарабынан уюштурулуп жаткан Түрк дүйнөсүнүн педагогикалык жана социалдык (коомдук) илимдер боюнча IV Эл аралык конгрессине катышып баяндама жасады.

Жолдошбек Бөтөнөевдин "Кыргызстандагы билим берүү: күңгөйү жана тескейи", "Кыргызстандагы басмачылык кыймыл жана кулакка тартуу саясаты: жаңыча көз караш (XX кылымдын 20-30-жылдары)" деген аталыштагы баяндамалары чакырылган окумуштуулардын кызыгуусун жаратып, жылуу кабыл алынды. Эл аралык иш чара Түркиянын Анталия шаарында өттү.

**ОшМУнун маалымат кызматы**

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова

**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.

КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1570

# Ашыкча талапчылдыктын кесепети



Күндөрдүн бир күнүндө Нурбек мектепте окууну баштайт. Балакай өтө кичине, мектеп болсо эбегейсиз чоң экен. Ошого карабастан ал мектепке баруучу жолду жана класска кирүүчү коридорду үйрөнгөнүнө өтө кубанычта эле. Барып-барып мектеп Нурбек үчүн өтө деле чоң туюлбай калды.

Бир күнү мугалим:

- Бүгүн гүлдүн сүрөтүн тартабыз, - деди.

Сүрөт тартканды жакшы көргөн кичинекей Нурбек үчүн бул өтө кубанычтуу кабар эле. Себеби, ал ар түрдүү сүрөттөрдү тартууну билчү. Арстан, жолборстон баштап тоокторго чейин бардык нерсенин сүрөтүн тартар эле. Балакай боёкторун сумкасынан алып чыгып, сүрөт тартууга киришкен учурда мугалим:

- Күтө тургула! Баштабай тургула! Бардыгыбыз даяр болгондо чогуу баштайбыз! дейт.

Бир аз убакыттан соң мугалимдин "эми баштадык!" деген үнү угулуп-угулбай эле, балакай сүрөт тартууну баштайт. Түркүн түстөгү гүлдөрдү тартууга киришет. Бирок мугалим "токтогула, мен силерге гүлдү кантип тартууну үйрөтөм!" деп, доскага гүлдүн сүрөтүн тартып берет.

- Мына ушундай! Эми баштасаңар болот!

Балакай алгач мугалимдин тарткан сүрөтүнө, андан соң өзүнүн кыялынан жаралган сүрөткө карап, өзү тарткан сүрөттү жактырат. Бирок, бул нерсени эч кимге айтпастан, барактын экинчи бетине мугалим талап кылган гүлдү тартат.

Күндөр өтө берет. Нурбек класстын эшигин өз алдынча ачканды да үйрөнөт. Дагы бир күнү мугалим, "Бүгүн пластилин менен иштейбиз!" дейт.

Балакай пластилинден көп нерселерди жасай алчу. Жыландан тартып, кардан адамга чейин, пилдерден тартып машиналарга чейин, толгон-токой нерсе жасай алгандыктан балакай абдан сүйүнөт.

Бирок мугалим "токтогула, баштабай тургула!" деп, башка окуучулардын даярдануусун күтөт.

- Эми баштасак болот. Бүгүн табак жасайбыз!

Балакай табак жасаганды жакшы көргөндүктөн дароо эле чоң, кичине кылып ар түрдүү табактарды жасоого киришти.

Бирок мугалим "күтүп тургула, мен силерге кантип табак жасоону үйрөтөм!" дейт да, окуучуларга кантип чуңкур табак жасаларын көрсөтөт.

Нурбек бир өзү жасаган табактарга, бир мугалимдин жасаган табактарына карап, өзү жасаган табактарын жактырат. Бирок, муну эч кимге айтпайт. Пластилиндерин чогултуп мугалим көрсөткөндөй кылып чуңкур табак жасайт.

Соңунда балакай күтүүнү үйрөнөт, мугалим жасаган нерселерге окшош нерселерди жасоону да үйрөнөт. Көп өтпөй эле өзүнө жаккан нерселерди ойлоно албай, өз оюу менен бир нерсе жасагандан чочулап калат.

Кийинчерээк Нурбектин үй-бүлөсү башка шаарга көчкөндүктөн, мектепти да алмаштырууга туура келет. Жаңы барган мектеби мурункудан да чоң мектеп болот. Өзүнүн классына баруу үчүн чоң-чоң тепкичтерден чыгуусу, узун коридордон өтүүсү керек болот.

Мугалим биринчи күндөн тартып "бүгүн гүл тартабыз!" дейт. Нурбек сүйүнүп мугалимден кандай буйрук келээрин күтөт. Бирок, мугалим эч нерсе айтпай жөн гана окуучулардын эмне менен алек болуп жатканына көз салат. Мугалим балакайдын жанына келип "сүрөт тартууну каалабай турасызбы?" деп сурайт.

- Жок, каалайм. Бирок, кантип тартам?-дейт Нурбек.
- Аны өзүң чечесиң.
- Кандай боёк менен боёймун?
- Каалаган түскө боё. Эгер баарыңар окшош сүрөт тартсаңар, окшош түстө боёсоңор, кимдин сүрөтү кайсы экенин мен кайдан билемин?-деп жооп кайтарат мугалим.

Балакай "билбейм" деп мостоёт.

Көп өтпөй Нурбек кызыл-тазыл, көк түстөгү гүлдөрдү тартып баштайт. Ал жаңы мектебин аябай жактырып калат.

**Хелен Е. Буеклей**

# БАЛА ЖАШООНУ КӨРГӨН НЕРСЕСИНЕН ҮЙРӨНӨТ

Эгер бала дайыма айыптоого дуушар болгон болсо, анда ал докчул мүнөздү үйрөнөт.

Эгер бала дайыма шылдыңдоого кабылып, жеке аброюна шек келтирилген болсо, уялчаактыкты үйрөнөт.

Эгер бала жек көрүү чөйрөсүндө чоңойгон болсо, уруш-талашты үйрөнөт.

Эгер бала дайыма уялтылып тарбияланган болсо, анда ал чечкинсиздикти үйрөнөт.

Эгер бала кең пейилдик менен өстүрүлгөн болсо, сабырдуу болууну үйрөнөт.

Эгер балага колдоо көрсөтүлүп, дем-күч менен өстүрүлгөн болсо, өзүнө ишенүүнү үйрөнөт.

Эгер бала макталуу менен бирге жактырылган чөйрөдө өссө, анда ал башкаларды алкыштоону жана баалоону үйрөнөт.

Эгер бала ишеничтүү чөйрөдө чоңойсо, ыймандуу болууну үйрөнөт.

Эгер бала өз оюнун кабыл алынганын көргөн болсо, анда ал өзүн сүйүүнү үйрөнөт.



Эгер бала үй-бүлөдөн колдоо менен достук көргөн болсо, анда ал дүйнөдө бактылуу болууну үйрөнөт.

Кыскасы биз кандай болсок, балдарыбыз ошондой болууну үйрөнөт.

**Дороти Монте**

# ЖҮРӨГҮҢДҮ ТЫҢША



Бул окуя фермадан фермага көчүп-конуп жүргөн ат таптаган саяпкердин баласы жөнүндө. Бала 8-класста окуп аткан.. Бир күнү мугалими "Келечекте ким болгум келет?" деген темада дил баян жазуу керектигин тапшырат.

Бала түнү менен отуруп келечекте ат фермасынын башчысы (ээси) болууну каалагандыгын баяндаган 7 барактан турган дилбаян жазат. Максатын деталдуу түрдө баяндап, 200 м2 аянттан турган ферманын планына чейин чийип чыгат. Имараттардын акырларынан тартып, ат чуркоочу аянттардын планын толук түшүрөт.

Тапшырылган дилбаян окуучунун чындап жүрөгүнүн үнү эле. Эки күндөн кийин мугалим "О" (нөл) деген баа коюлган дил баянын колуна кайтарып берет. Барактын үстүндө "сабактан кийин мага жолук" деген эскертүү да бар болчу.

- Эмне үчүн нөл алдым?-деп сурайт окуучу.

Мугалим "сенин жашыңдагы бала үчүн чындыкка дал келбей турган кыял! Көчүп-конуп жүргөн үй-бүлөң болсо, акчаң жок болсо, ат фермасын кайдан курмак элең? Аны куруу үчүн канча акча керек экенин билесиңби? Эгерде тапшырманы чындыкка жакын максаттар менен кайрадан жазып келсең, башка баа коюп беришим мүмкүн", - дейт.

Бала үйүнө барып терең ойлонот. Атасы менен кеңешет.

- Уулум, бул жөнүндө чечимди өзүң кабыл алышың керек. Бул чечим сен үчүн өтө маанилүү, - дейт атасы.

Бала бир апта ойлонгон соң, тапшырмасына эч кандай өзгөртүү киргизбестен алып барат да мугалимине:

- Сиз койгон бааны өзгөртпөңүз, мен да максаттарымды өзгөртпөймүн,-дейт.

Ошондогу 8-класстын окуучусу азыркы күндө 200 м2 короосу болгон 1000 м2 кеңдиктеги заманбап үйдө жашап жатат. Көп жыл мурун "нөл" деген баага жазган дилбаянын үйүнүн эң көрүнүктүү жерине илип койгон. Анын жанына "Эч кимге кыялдарымды жана максаттарымды уурдатпайм. Кандай акыбалда болсом да ар дайым жүрөгүмдү тыңшайм. Анткени ал мени эч качан адаштырбайт" деп жазып койгон.

# КЕЧИРИМДҮҮЛҮКТҮН ЖАН ЧЫДАГЫС ООРДУГУ

Мугалим сабакта окуучуларына бир сунуш менен кайрылды:

- Жашоо сыноосуна катышууну каалайсыңарбы?

Мугалимин аябай жакшы көргөн окуучулар сунушту дароо кабыл алышат.

Анда мугалими:

- Эмесе, мындан ары бардык айткандарымды аткарууга сөз бергиле.
- Макул! – дешти окуучулар.
- Анда эртеңки тапшырмага даярдангыла. Эртең баарыңар бирден баштыкка 1 кг. картошка салып келгиле!

Окуучулар бул тапшырмадан эч нерсе түшүнө алышпаса да, эртеси эртең менен бардыгы картошка салынган баштыгы менен келишти. Мугалим таңыркап турган окуучуларга карап:

- Эми ак кагазга бүгүнкү күнгө чейин силерди капа кылган кишилердин атын жазгыла. Эч кечире албай келаткан адамыңардын аттарын бирден картошкага ороп, баштыгыңарга салгыла!

Окуучулар мугалиминин айтканын аткарышып, "эми эмне болот?" дегенсип, суроолуу карап турушту. Мугалим:

- Бир апта бою кай жакка барсаңар да, бул баштыкты өзүңөр менен чогуу көтөрүп жүргүлө. Жаткан жериңерде, мектепте, үйдө, автобуста, деги койчу, бардык жерде силер менен бирге болуусу зарыл.

Арадан бир апта өтөт. Мугалим класска кирип-кире электе окуучулары даттанып баштайт:



- Агай, картошкалар жыттана баштады!
- Агай ишенсеңиз, адамдар бизге башкача көздөр менен карай баштады!
- Зеригип кеттик!
- Чарчап, тажап калдык!

Мугалим күлүмсүрөп окуучуларына кайрылат:

- Баштыкта жыттанып кеткен картошкалардын сыртына кечирбей келген кишиңердин аттары жазылган беле?.

Окуучулар бир ооздон, "ооба!" дешти.

- Эми карап тургула. Биздин жан дүйнөбүз да ошол баштык сыяктуу. Башкалардын кемчилигин кечирбей жан дүйнөбүздө сактап жүрө берсек, өзүбүздү өзүбүз жагымсыз жүк менен жазалайбыз. Рухубузду пайдасыз жүктөн арылтуу канчалык маанилүү экенин эч качан унутпагыла. Биз көбүнчө кечирүүнү башка адамга жасаган жакшылык деп ойлойбуз. А бирок, башкаларды кечирүү, биринчи кезекте өзүбүзгө жасалган жакшылык болуп саналат.